**2013-жылдын 4-июлундагы № 114 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

# Кыргыз Республикасынын Салык кодексине толуктоолорду киргизүү жөнүндө

2013-жылдын 30-майында

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене**. Кыргыз Республикасынын Салык кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2008-ж., № 8, 922-ст.) төмөнкүдөй толуктоолор киргизилсин:

**1.** 348-берененин 1-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы 9-11-пункттар менен толукталсын:

“9) чач тарачтардын жана сулуулук салондорунун кызмат көрсөтүүлөрү;

10) менчик стоматологиялардын кызмат көрсөтүүлөрү;

11) жарнама такталарын ижаралоо кызмат көрсөтүүлөрү.”.

**2.** 349-берененин 2-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы 9-11-пункттар менен толукталсын:

“

| | | |
|---|---|---|
| 9) чач тарачтардын жана сулуулук салондорунун кызмат көрсөтүүлөрү | 1 орундук кресло | 2 000 сом |
| 10) менчик стоматологиялардын кызмат көрсөтүүлөрү | 1 орундук кресло | 5 000 сом |
| 11) жарнама такталарын ижаралоо кызмат көрсөтүүлөрү | 1 жарнама тактасы | 5 000 сом |

”.

**2-берене**. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып эки ай өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**3-берене**. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өзүнүн ченемдик укуктук актыларын бир айлык мөөнөттө чач тарачтардын, сулуулук салондорунун жана жарнама такталарынын кирешелүүлүк деңгээлин жана жайгашкан жерин эске алуу менен ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**